КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ӨМҮРАЛИЕВ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
ОМУРАЛИЕВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ

**Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын он үчүнчү кезексиз кеңешмесинин токтому**

2022-жылдын 31-март № 42

Манас айылы

**Жайытка чыгарылган мал багуунун акылары жана жазгы талаа жумуштарындагы техниканын көрсөткөн акысы жөнүндө**

Жайытка чыгарылган мал багуунун акылары жана жазгы талаа жумуштарындагы техниканын көрсөткөн акысы боюнча жалпы элдик жыйында кабыл алынган токтомду бекитүү максатында Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын он үчүнчү кезексиз кеңешмеси **токтом кылат:**

1. 2022-жылы Өмүралиев айылдык аймагындагы тургундардын малын кайтаруудагы бир айлык акысы төмөндөгү баада бекитилсин:
   - Бодо мал бир айга 600сом;
   - Жылкы бир айга 600сом;
   - Кой-эчкиге жаз –күз 70сом;
2. Алыскы жайытка көчүп кетүү 2022-жылдын 15-майына чейин.көчүп келүү 2022-жылдын 1-октябрь. Айдоо жерлерге мал-жандыктарты түшүрбөө 2022-жылдын 20-октябрына чейин. Жарандардын үлүш жерине жана огороддоруна кирген мал-жандыктардын ар бир башына төмөндөгүдөй айып салынсын:
   - Жылкыга 1000сом;
   - Бодо малга 1000сом;
   - Кой эчкиге ар бир башына 150сом;
3. 2022-жылы талаачылык иштериндеги 1га жер аянтына техниканын калкка кызмат көрсөтүү акысы төмөндөгү баада бекитилсин:
   - Айдатылган жерди айдоо акысы 1500сом. 30л солярка
   - Беде себилген жерди бузуу 2300сом. 30л солярка
   - Экспарцет себилген жерди бузуу 1800сом;30л солярка
   - Планировка 800сом. 10л солярка;
   - Себүү 900сом. 10л солярка;
   - Дары чачуу 500сом, 10л солярка;
   - Чөп чабуу 1200сом. 10л солярка
   - Чөп престөө ар бир түк 14сом.10л солярка
4. Мурап акы бекитилсин жана сугат мезгилинде суу уурдагандарга төмөндөгүдөй айып пул салынсын
   - Мурап акы 300 сом;
   - Суу уурдаган жана шлюс уурдагандарга 5000сом айып пул салынсын.
   - Суу бөлүнгөн жерден башка жактарга суу уурдалып жыгылса мураптарга 5000сом айып пул салынсын.
5. Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

**Кеңештин төрагасы** **М.Доолоталиев**